
# Кара-Балта шаарындагы №2 орто мектебинде « Мамлекеттик тилди өнүктүрүү» боюнча аткарылган иш-чаралардын отчету

Алгач сентябрь айында мектепте иш-чараларды уюштуруу жана мамлекеттик тилдин майрамын өткөрүүгө багытталды.

23-сентябрда «Мамлекеттик тил күнүнө» арналган салтанаттуу тизим өткөрүлдү. Ошону менен бирге 8-11-класстар арасында «Өнөр алды кызыл тил» аттуу темада дубал-гезиттер менен жасалгаланып, «Эгер мен мугалим болсом» деген темада

8-11-класстар дилбаян жазышты.




 


Ал эми 1-11- класстар «Кыргыз тили-мамлекеттик тил» деген темада класстык саат өткөрүлдү.




Октябрь айында бекитилген план боюнча кыргыз тили мугалими Альчикеева Б.Т, Исмаилова А.М, Мукашева Н.А «Турар Кожомбердиевдин 81 жашта» деген темада атайын көргөзмө уюштурушту. Ошондой эле 7-класстар арасында «Турар Кожомбердиев жүрөктө жанган алп акын» деген темада конкурс

уюштурулду.Конкурстун жыйынтыгында 7 «В»-класс 1-орунга ээ болду. 2-орунга 7 «Б»-класс, 3-орунга 7 «Г»-класстар ээ болду. Ушул эле конкурс 9- класстар аралыгында да өткөрүлдү.










Ушул эле айда окуучуларды олимпиадага даярдоо ишин кыргыз тили мугалимдери Мукашева Н.А, Альчикеева Б.Т, Белекбаева Г,К дайындалды.

Ошондой эле 2-11- класстарда кыргыз тили сабагынан билим деңгээли текшерилди.

Ноябрь айында мектеп ичинде кыргыз тили боюнча олимпиада иши 5-11-класстарда өткөрүлдү. Жыйынтыгында 5-11-класстар

аралыгында мектеп ичиндеги олимпиадада жакшы жетишкендиктери үчүн грамоталар менен сыйланышты.

Кулманбетова Н,А жана Абдырахманова Н,М « Ш. Кулуев 80 жашта» деген темада атайын бурчтарды жана тегерек үстөл уюштурушту. Аталган тегерек үстөлгө 9- класстын окуучулары активдуу катышты.

Декабрь айында «Айтылып бүтпөйт-Айтматов» аттуу 9-11-класстар арасында сценка уюштурулду. Аталган иш-чараларга окуучулар активдуу катышышты.



Усулдук бирикменин жетекчиси: Альчикеева Б. Т